# Аллах жана Анын элчиси арakты сатууну, өлүмтүктү, чочкону жана буттарды арам кылды

Жаабир бин Абдуллахтын (ал экөөнө Аллах ыраазы болсун) айтымында, жеңиш жылы Меккеде ал пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уккан: "Аллах жана Анын элчиси арakты сатууну, өлүмтүктү, чочкону жана буттарды арам кылды". Бирөөлөр: "О, Аллахтын элчиси, өлүмтүктүн майына эмне дейсиз? Аны кайыктарды жана терилерди майлоодо колдонуп, адамдар чыракка жагып пайдаланышат" - дешти. Аллахтын элчиси: "Жок. Ал арам" - деди. Анан: "Аллах Таала кыйратып жок кылгыр жөөттөр, Аллах аларга майды арам кылганда алар аны ээритип, анан аны сатып акчасын жешкен" - деп кошумчалады.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

Жаабир бин Абдуллах (аларга Аллах ыраазы болсун) Мекке мусулмандардын колуна өткөн жылы Меккеде пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Аллах жана Анын элчиси арakты сатууну, өлүмтүктү, чочкону жана буркандарды арам кылды - деп айтканын угат. Бирөө: өлүмтүктүн майын сатып пайдалана берсек болобу? - деп сурайт. Анткени, май менен кайыктардын түбүн майлап, терилерди майлап, чыракка куйуп күйгүзүшөт дейт. Пайгамбарыбыз: жок, өлүмтүктүн майын да сатуу арам - дейт. Анан пайгамбарыбыз: Аллах Таала жөөттөрдү кыйратып жок кылсын, аларга наалаты болсун. Анткени алар Аллах Таала аларга мал-жандыктын майын арам кылганда алар аны сызгырып, ээритип анан аны сатып, акчасын жей беришкен - деп кошумчалайт.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4556